**Бектуров Туйгун Муктаровичтин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу (10-11-кл.)» аттуу темадагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин**

**ПИКИРИ**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Илимий-техниканын өсүп-өнүккөн мезгилинде адамзаттын жаратылышка тийгизген таасири кеңири кулач жайды. Курчап турган айлана-чөйрөнүн булганышы экологиялык проблемаларды жаратты. Бизди курчап турган айлана-чөйрөнүн булганышы адамдардын экологиялык сабатсыздыгынан ошондой эле экологиялык маданиятынын жоктугунан болуп жаткандыгы талашсыз. Андыктан өлкөнүн келечек ээлерин туура тарбиялоо учурдун талабы. Ошондуктан жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун теориялык-методикалык негиздерин иштеп чыгуу эң зарыл проблемалардан болуп саналат.

Мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун ар кандай методдору жана формалары бар, алардын ичинен таасирдүү формасы катары – көркөм адабий чыгармалар аркылуу балдарды туулган жердин жаратылышын сүйүүгө жана коргоого тарбиялоо болуп саналат.

Изденүүчү Бектуров Туйгун Муктарович тарабынан аткарылган бул диссертация мына ошол багытта мугалимдерге жана тарбиячыларга көмөк көрсөтүүчү эмгектин бири. Анткени, буга чейин кыргыз адабият сабагынын экологиялык тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү атайын педагогикалык изилдөөнүн объекти катары жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруу максатында системалуу түрдө илимий иликтөөгө алынган эмес.

Изденүүчүнүн аракети толук бойдон колдоого аларлык жана диссертация актуалдуу темага жазылган. Биз билдирип жаткан эмгектин актуалдуулугу мына ошол боксөлүктү толтуруу менен конкреттүү алып

караганда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу маселесин адабият сабагынын шартында эң алгачкы жолу ырааттуу жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларга таянып изилдеп чыккандыгы менен бааланат.

**2. Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.** Диссертацияга коюлган талаптын негизинде КР ЖАКтын Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун 2.10. пунктуна ылайык төмөнкү жаңы илимий натыйжалар жана сунуштар алынган:

***1-натыйжа.*** Изденүүчү кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу маселесинин педагогикалык теориядагы жана практикадагы абалын, өзгөчөлүктөрүн анын методологиялык негиздерин аныктоо үчүн философиялык, педагогикалык, илимий-методикалык адабияттарды, экологиялык багыттагы конференциялардын материалдарын, окуу программаларын, окуу китептерин изилдөөгө алган.

***2-натыйжа.*** 10-11-класстардагы кыргыз адабияты сабагында окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык технологиялары иштелип чыккан: проблемалык окутуу, өнүктүрүп-өстүрүүчү окутуу, оюнга негизделген окутуу, айлана-чөйрөгө мониторинг жүргүзүү, экскурсия. Ошондой эле кыргыз адабиятынын программасында берилген экологиялык тематикадагы чыгармалар талданган жана аны класста жана класстан тышкаркы окутуунун формалары, методдору жана каражаттары жетишээрлик деңгээлде мүнөздөлгөн жана экологиялык билим, тарбия берүүдөгү орду тастыкталган.

***3-натыйжа.*** Бул диссертацияда изденүүчү тарабынан жогорку класстын окуучуларына экологиялык билим жана тарбия берүү боюнча алдыңкы мугалимдердин тажрыйбалары жыйынтыкталган. Ал мугалимдердин тажрыйбаларына таянуу менен кыргыз адабияты сабагы боюнча атайын сабактардын иштелмелери сунушталган.

***4- натыйжа.*** Адабият сабагын окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары тийиштүү изилдөөлөрдүн, анализдөөнүн, жалпылоонун натыйжасында иштелип чыккан жана орто мектептерге сунушталган. Ал шарттар төмөнкүлөр: адабият сабагынын экологиялык багыттуулугун арттыруу; окутуунун алгылыктуу методдорун колдонуу; окуучулардын экологиялык багыттагы чыгармачылык ой жүгүртүүлөрүнө көнүл бөлүү менен ар түрдүү иш аракеттерди уюштуруу; адам жана жаратылыш мамилелеринин кыргыз адабиятындагы үлгүлөрүн ачып көрсөтүү; адабий чыгармалардын мазмунунда көтөрүлгөн экологиялык көйгөйлөрдү окуучулардын жашоо тажрыйбасы менен байланышта кароо аркылуу сабактан жана класстан тышкаркы иштер менен байланыштыруу; педагог менен окуучулардын өз ара мамилешүүсү.

Кыргыз адабиятын окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык иштин жыйынтыгы экологиялык билим жана тарбия берүүнүн натыйжалуулугун арттыруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун тастыктаган. Эксперименталдык иш бир топ жылга созулуп, алынган натыйжалар жетишээлик ишенимдүү деңгээлде чагылдырылган. Изденүүчү тарабынан кыргыз адабиятын окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруу боюнча конкреттүү сунуштар иштелип чыккан.

Иштин натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Илимий 19 макала жарыяланып, алардын ичинен бешөө РИНЦ системасында жарыяланган. Ошондуктан, диссертант тарабынан алынган илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар негиздүү болуп эсептелинет жана илимдин аталган багыты үчүн өзгөчө мааниге ээ.

**3. Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөө илимий жана практикалык мааниге ээ болуп эсептелет, анткени алгачкы жолу кыргыз адабияты предмети аркылуу

окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу проблемасынын педагогикалык теориядагы жана практикадагы абалы жана методологиялык негиздери аныкталган, кыргыз адабияты сабагында окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун технологиялары, уюштуруу формалары, методдору жана каражаттары иштелип чыккан, кыргыз адабиятын окутуу процессинде экологиялык билим берүү жана тарбиялоо боюнча Кыргыз Республикасынын алдыңкы мугалимдеринин тажрыйбалары иликтөөгө алынган жана жалпылаштырылган, кыргыз адабияты сабагын окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, алардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу тастыкталган.

Иштин тыянактары мектепте адабият сабагынын мугалимдеринин иш-аракетинде, студенттердин педагогикалык практикасында, ЖОЖдо кыргыз адабиятынын каражаттары аркылуу экологиялык билим жана тарбия берүүдө, илимий-методикалык эмгектерди түзүүдө, жазууда салым кошот.

**4. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.** Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы күмөн туудурбайт же шексиз. Алардын жыйындысы педагогика илимин өнүктүрүү үчүн чоң мааниге ээ болот.

Иште алынган натыйжалар илимий прикладдык жактан жетишээрлик баалуулугу менен мүнөздөлөт. Анткени, адабият сабагын окутуу процессинде жогорку класс окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын сунуштоо, билим берүү системасындагы актуалдуу маселелердин бирин чечүүгө өз салымын кошот. Алынган натыйжалар ички биримдикке ээ, практикалык сунуштар текшерилген, теориялык жоболорго негизделген. Сунушталган иш орто мектепте окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу боюнча алгылыктуу эмгектерден болуп саналат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы теманын актуалдуулугунун негизделишине, изилдөөнүн проблемалуулугуна, максаты менен милдеттерине, илимий жаңылыгына, илимий-теориялык жана практикалык маанисинин аныкталышына, коргоого коюлуучу негизги жоболорго, изденүүчүнүн жеке салымына, иштин натыйжаларынын тастыкталышына, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугуна, изилдөөнүн структурасына толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

**6. Диссертациянын мазмунундагы жана авторефераттагы кезиккен мүчүлүштүктөр.**

Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган:

1. Диссертациялык иште 4 милдет коюлган, биздин оюбуз боюнча үчүнчү милдет биринчи милдеттин алкагында каралса жетиштүү болмок.

2. Диссертант аныктаган шарттардын бири бул адабий чыгармалардын мазмунунда көтөрүлгөн экологиялык көйгөйлөрдү окуучулардын жашоо тажрыйбасы менен байланышта кароо аркылуу сабактан жана класстан тышкаркы иштер менен байланыштыруу деп аталат. Бирок, диссертациялык иште экологиялык маданиятты калыптандыруу маселеси класстан тышкаркы иштерде толук ачылбай калган сыяктуу.

3. Изденүүчү Кыргызстандын экологиялык проблемалары, экологиялык абалы боюнча пайдалануучу КРнын территориясындагы жаратылыш парктары, коруктары, өзгөчө корголуучу территориялары тууралуу маалыматтарды кыргыз адабиятын окутуу процессинде колдонуунун жолдорун иштеп чыкса иштин баалуулугу мындан дагы жогоруламак.

Бирок, бул кемчиликтер диссертациянын жалпы баалуулугун төмөндөтпөйт.

**7. КРнын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө, жобонун» 10 п. ылайыктуулугу, критерийлерине иштин жооп бериши (критерийлер тиркелет).**

Бектуров Туйгун Муктаровичтин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган «Кыргыз адабиятын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу (10-11-кл)» аттуу диссертациялык иши актуалдуу темага арналып, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Баптардын мазмуну, алынган натыйжалардын берилиши, тажрыйбалык-эксперименттин жүрүшүндө алынган далилдер илимий негизделген.

Иш жеке аткарылып, толук аяктаган эмгек болуп эсептелет. Анын илимий жыйынтыктары жаңылыгы жана ынанымдуулугу менен айырмаланат. Автордун өздүк көз караштары, жоболордун берилиш логикасы, жыйынтыктар жана практикалык сунуштар объективдүү көрсөткүчтөргө таянат.

Диссертациялык иш КРнын ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Ал эми анын автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент:**
**педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор** **Д.Б. Бабаев**